**Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин**
**Инвестиция боюнча бөлүмү**

Инвестиция боюнча бөлүм университеттин ректорунун 2023-жылдын 3-майындагы №238 буйругу менен түзүлгөн.

Бөлүм башчы – ф.и.д., доцент С. К. Каратаева. Бөлүмдө маркетинг боюнча башкы адис Марслатбек кызы Наргиза, стартап жана фандрайзинг боюнча башкы адис Касымбаева Назгүл Байышовна эмгектенет

**Бөлүмдүн максаты** - университетке инвестиция тартуу, долбоорлорду иштеп чыгуу жана студенттердин арасында стартап долбоорлорду демилгелөө боюнча университеттин инвестициялык саясатын иш жүзүнө ашыруу.

Инвестиция боюнча бөлүм Кыргыз Республикасынын жана чет өлкөлөрдүн жогорку окуу жайларынын инвестиция тартуу жана долбоор жазуу боюнча тажрыйбалары менен таанышуу жана бөлүмдүн ишмердүүлүгүнө киргизүүнү демилгелейт;

- инвестицияга тиешелүү маселелер боюнча университеттин түзүмдөрү, мамлекеттик мекемелер, фонддор, бизнес чөйрө, ассоциациялар жана эл аралык долбоорлор менен өз ара кызматташат;
- инвестициялык демилге көтөргөн же долбоордун авторуна грант алууга жана/же кошумча каржылоонун башка формаларына билдирме берүү үчүн документтерди шөөкөттөөгө жардам көрсөтөт;
- инвестициялык демилгени шөөкөттөөгө, грант алууга жана/же кошумча каржылоонун башка формаларына билдирмени даярдоого жана аны иш жүзүнө ашыруу үчүн жумушчу топторду түзөт;
- грант алуу үчүн берилген билдирмелердин сапатын жакшыртуу максатында билдирмелерди ички экспертизадан өткөрүүнү жана консультацияларды уюштурат;
- бөлүмдүн кызматкерлерин долбоор жазуу жана аны иш жүзүнө ашыруу үчүн каражат издөө боюнча окуудан өткөрүүнү уюштурат;
- инвестиция тартууга багытталган иш чараларды пландайт жана уюштурат.